# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ: УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨРҮ

Сакиева Сайипжамал Салайдиновна
педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Жалал-Абад мамлекеттик университети,

Жалал-Абад, Кыргызстан,s-sakieva@mail.ru
https://orcid.org/0009-0003-1520-3492
Амирова Айжан, kambaralikyzyaijan@gmail.com
Ашыралиева Айдана, asiralievaajdana0@gmail.com
Жалал-Абад мамлекеттик университети, магистрант

# МЕТОДИКА ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ: ТЕКУЩЕЕ СОСТОЯНИЕ И ПРОБЛЕМЫ

**Сакиева Сайипжамал Салайдиновна**
доктор педагогических наук, профессор,
Жалал-Абадский государственный университет

Жалал-Абад, Кыргызстан, s-sakieva@mail.ru
https://orcid.org/0009-0003-1520-3492
Амирова Айжан, kambaralikyzyaijan@gmail.com
Ашыралиева Айдана, asiralievaajdana0@gmail.com
Жалал-Абадский государственный университет,
Магистрант

# THE METHODOLOGY OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE IN PRIMARY SCHOOL SCHOOL: CURRENT STATUS AND PROBLEMS

**Sakieva Sayipzhamal Salaidinovna**
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,
Jalal-Abad State Universit

Jalal-Abad, Kyrgyzstan, s-sakieva@mail.ru
https://orcid.org/0009-0003-1520-3492
Amirova Aizhan, kambaralikyzyaijan@gmail.com
Ashiralieva Aidan, asiralievaajdana0@gmail.com
Jalal-Abad State Universit, master's student

**Аннотация.** Макаланын мазмуну башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун учурдагы маселелерине арналды. Максаты- башталгыч класстын учурдагы окутуунун жалпы маселелерин анализдөө. Милдети- башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасын мындан ары өркүндөтүүнүн жолдорун талдоо жана сунуштоо. Макаланын мазмунун чечмелөөдө белгилүү окумуштуу, профессор Каратай Сартбаевдин жасаган методикалык эмгектери жөнүндө кенири анализ берилди. Окумуштуунун кыргыз башталгыч класстарында кыргыз тилин окутуунун методикасына жасаган эмгектери, аларды окуп-үйрөнүүнүн, колдонуунун тажрыйбалары жөнүндө кенири сөз болот. Ошондой эле кыргыз тилин окутуунун мындан ары терендетип окутуунун проблемалары, аларды келечекте өркүндөтүүнүн сунуштары каралган. Мында кептик компетенттүүлүктү калыптандыруунун, интерактивдүү методдорду предметтин өзгөчөлүгүнө карата тандоо жана аны апробациялоо, предметтерди интеграциялап окутуунун маселелери, окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууга сунуштар каралган. Макланын мазмуну аспиранттар, докторанттар үчүн сунушталды.

**Ачкыч сөздөр**. Кептик компетенция, тилдик компетенция, көп тилдүүлүк, билим берүүнүн сапаты.

**Аннотация**. Содержание статьи посвящено актуальным вопросам преподавания кыргызского языка в начальных классах. Цель — проанализировать общие проблемы в современном начальном школьном образовании. Задачей является анализ и предложение путей дальнейшего совершенствования методики преподавания кыргызского языка в начальной школе. Содержание статьи включает в себя подробный анализ трудов и методических работ известного ученого, профессора Каратая Сартбаева. Подробно будут рассмотрены работы ученого по методике преподавания кыргызского языка в начальных классах кыргызского языка, а также его опыт их изучения и использования. Также рассматриваются проблемы дальнейшего углубленного обучения кыргызскому языку и предложения по их дальнейшему совершенствованию, в том числе формирование речевой компетенции, подбор и апробация интерактивных методов в соответствии со спецификой предмета, интегрированное обучения предметам, предложения по формированию письменной культуры учащихся. Содержание статьи рекомендуется аспирантам и докторантам.

**Ключевые слова**. Речевая компетенция, языковая компетенция, многоязычие, качество образования.

**Annotation**. The content of the article is devoted to current issues of teaching the Kyrgyz language in elementary grades. The goal is to analyze common problems in modern primary school education. The goal is to analyze and propose ways to further improve the methodology of teaching the Kyrgyz language in elementary school. The content of the article includes a detailed analysis of the works and methodological works of the famous scientist, Professor Karatai Sartbaev. The scientist's works on the methodology of teaching the Kyrgyz language in elementary grades of the Kyrgyz language, as well as his experience in studying and using them will be considered in detail. The problems of further in-depth teaching of the Kyrgyz language and proposals for their further improvement are also considered, including the formation of speech competence, selection and testing of interactive methods in accordance with the specifics of the subject, integrated teaching of subjects, proposals for the formation of written culture of students. The content of the article is recommended for postgraduate and doctoral students.

**Key words.** Speech competence, language competence, multilingualism, quality of education.

**Киришүү.** Кыргыз тилинин теориясын жана практикасын окутууга жана үйрөтүүгө карата эмгектерди окуп-үйрөнүү аркылуу окутуунун методикасынада практикаланат [4]. Башталгыч класстарда кыргыз тили предмети грамматикалык жана фонетикалык эрежелерди окутууга, үйрөтүүгө багытталат. Кыргыз тили предмети кенже мектеп жашындагы балдарга орфографиялык, пунктуациялык, орфоэпиялык эрежелерди үйрөтүү, аны калыптандыруу функңиясын аткарат. Кыргыз тили сабагында окуучунун оозеки жана кептик компетенңиясы калыптанат. **Кептик компетенңияда** (эне тилинде таза, так, туура сүйлөөгө жатыгуу, эне тилинде пикирин жазып, оозеки түрүндө билдире алуу, маалыматтарды, каттарды жазып, оюн текст түрүнө сабаттуу, байланыштуу жаза алуу, берилген тааныш темаларга карата оозеки жана жазуу түрүндө чакан текст түзүп класста түшүндүрүү, эне тилинде кеп этикетине ээ болуу, сылык таанышып, сылык учурашып, бир нерсени сылык сурап алуу, кечирим суроо, уруксат суроо, натыйжада адептүү баарлашууга үйрөнүү ж.б), **тилдик компетенңияда** ( эне тилинде сабатын ачуу, сөз байлыгын арттыруу, кыргыз алфавитин билүү, анын тыбыштык курамы тууралуу маалыматтуу болуу, фонематикалык кабыл алуусун бекемдөө, орфографиялык-пунктуациялык сабаттуулукка жетишүү, кеп ишмердигинин бардык түрлөрүндө жазуу жана оозеки түрдө көндүмдөргө ээ болуу, текст тууралуу, кептин түрлөрү менен стилдери тууралуу маалыматтуу болуу, эне тилинде таза, так, туура сүйлөп, жаза билүүгө жатыгуу, эне тилинин тилдик системасы жөнүндө түшүнүк алуу, сөз түркүмдөрү менен таанышуу жана сөз маанилерин билүү, кебинде колдонууга машыгуу) калыптанат.

Кыргыз тили предмети окуучунун коммуникативдик ишмердиги аркылуу анын кебин өстүрүүгө багытталат, бардык өздөштүрүлүп жаткан материалдар (анын ичинде тилдик

материалдар да) ушул милдетти ишке ашырат [1]. Ага жетүү үчүн сабакта жекече, топтук, жамааттык формалар колдонулуп, кызматташууга басым жасалат. Ошол эле мезгилде айрыкча көркөм тексттер окуп-үйрөнүлүп жаткан учурда окуучунун ою, жеке пикири, ага аргументтерди келтирип, далилдөө аракети өзгөчө маанилүү болуп саналат Көркөм тексттер менен иштөөдө аны эмоциялуу-баалуулук мамилелери аркылуу кабыл алуусу, өзүн өнүктүрүүсү инсанга багытталган мамилени ишке ашыруунун негизи болот [5], Мында дифференциялап окутууну, долбоор методун, өнүктүрүүчү технологияны, сынчыл ойломду колдонууга болот. Жогоруда сөз болгондордун баары негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталат.

Башталгыч класста кыргыз тили жана адабий окуу предметин ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар – стандарт боюнча башталгыч класстын бүтүрүүчүлөрүнүн даярдык деңгээлине коюлган талаптарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталган окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоонун минималдуу талаптары. Аларга китеп басылмаларынын тизмеси (китепкана фонду), көрсөтмө басма жана электрондук колдонмолор, маалыматтык жана байланыш каражаттары, техникалык окуу куралдары, экрандык үн каражаттары, окуу, практикалык жана окуу лабораториялык жабдуулары кирет.

**Методдор жана талкуулар.** Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасынын калыптанышында бир топ өзгөрүүлөр толуктоолор болуп келе жатат. Бул илимдин калыптанышында бир топ окумуштуулар илимий эмгектерин жарыялады. Белгилүү окумуштуу Каратай Сартбаевдин орфографиялык, стилистиканын, фонетиканы, морфологияны, синтаксистти окууга арналган изилдөөлөрү (1960-2013), Бурул Рысбекованын башталгыч класста зат атоочту, кол жазма сулуулугун арттырууга , А.Айдарбекованын зат атоочту окутууга, А.Мураталиеванын, М.Раимбекованын, А.Акунованын, Б.Чокошеванын морфологияны окутууга арналган изилдөөлөрү кыргыз педагогикасында окуп-үйрөнүлүп келет. Эгемендүүлүк мезгилинде т.а.1990-жылдан бери карай башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууга арналган эмгектер илимий жактан иликтене элек.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча белгилүү окумуштуу, профессор Каратай Сартбаевдин 2013-жылы басылган тандалган эмгектери [8], окумуштуунун 1960-жылдан 2013-жылга чейинки эмгектери басылган. Тандалган эмгекте окумуштуунун башталгыч класстын окуучуларын таза жана сабаттуу жазууга, орфографиялык, пунктуациялык, орфоэпиялык, стилистикалык эрежелерди окутууга жана үйрөтүүгө арналган. Окумуштуу өзүнүн 60 жылга жакын өмүрүн башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасынын проблемаларын изилдөөгө арнаган. Учурда окумуштуунун эмгектери, калтырып кеткен мурастары И.Арабаев атындагы мамлекеттик университетинде окумуштуга арналган "Каратай Сартбаевдин лабораториясында" сакталган. Лабораторияны п.и.д., профессор А.Р.Акунова жетектейт. Лабораторияда илимий конференциялар, тегерек столдор, студенттик окуулар уюштурулуп, окумуштуунун эмгектерин окутууга жыл сайын иш-чаралар өткөрүлүп турат. Сартбаевдик окуулар алгачкы жолу 2022-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде [8], экинчи Сартбаевдик окуу Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде өткөрүлдү. Сартбаевдик окууну уюштуруунун негизги максаттарынын бири- окумуштуунун эмгектерин окуп-үйрөнүү, андан замабап билим берүүнүн талаптарына ылайыктуу колдонуу жана өркүндөтүү болуп саналат. Ошондой эле башталгыч класстардын мугалимин даярдаган ЖОЖдордо өткөрүү маселеси каралган. Учурда ЖАМУнун педагогика багыттагы даярдалып жаткан студенттерине Каратай Сартбаевдин эмгектери бакалаврдык жана магистрдик багыттагы студенттери менен биргеликте жүргүзүлүп келет [2,3,4,6,7],

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы заманбап талаптарга ылайыкталып түзүлгөн мамлекеттик стандарт, окуу программалары, окуу китептери, ОМКлар менен толукталып келе жатат. Бирок ошондой болсо да, башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча заманбап билим берүү талаптарынын жана социалдык-

маданий чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдүн контекстинде көңүл бурууну жана чечүү жолдорун талап кылган бир нече негизги аспектилерди карап чыгууга болот:

***1. Заманбап технологиялардын интеграциясы:*** санариптештирүү жана маалыматтык технологиялар доорунда кыргыз тилин окутуунун методдору заманбап технологиялар менен онлайн ресурстарды интеграциялоо керек. Бирок, мугалимдер дайыма эле тийиштүү билим берүү ресурстарына жете бербейт, же аларды колдонууга жетиштүү компетенттүү болушат.

***2. Методдордун заманбап муктаждыктарга ылайыкталышы:*** *Учурдагы* заманбап окуучулар мурунку муундардан өзүнүн өзгөчөлүктөрү жана муктаждыктары менен айырмаланат. Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методдору маалыматтык коомдо окуучунун кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эске алуу менен заманбап билим берүү стандарттарына ылайыкталышы керек.

***3. Билим берүүнүн сапаты, көйгөйлөрү:*** көп учурда заманбап шарттарда башталгыч класста кыргыз тилин окутууда мугалимдердин квалификациясынын жетишсиздиги, окуу пландарынын заманбап талаптарга шайкеш келбегендиги, окутуунун интерактивдүү ыкмаларынын жетишсиздиги ж.б.

***4. Билим берүүдөгү көп тилдүүлүк****:* Кыргызстанда кыргыз, орус жана башка тилдерден тышкары колдонулган көп тилдүүлүктү эске алуу менен түрдүү тилдерде лингвистикалык компетенцияны өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү ыкмаларды иштеп чыгуу жана колдонуу зарылчылыгы келип чыгууда.

Бул көйгөйлөрдү чечүү комплекстүү мамилени, анын ичинде окуу программаларын жаңылоону, мугалимдердин квалификациясын жогорулатууну, билим берүүнүн заманбап тенденцияларын жана инновациялык технологияларды колдонууну эске алуу менен окутуунун заманбап ыкмаларын иштеп чыгууну талап кылат. Мындан тышкары, окуучулардын тилдик жана маданий өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө көңүл буруу, алардын эне тилин жана маданий мурастарын үйрөнүүгө жана түшүнүүгө тартууга көмөктөшүү.

***5. Интерактивдүү методдордун жетишсиз колдонулушу:*** Кээ бир учурларда башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методдору эскирген бойдон калууда жана интерактивдүү окутуу ыкмаларын жетишсиз пайдалангандыктан окуучулар анча кызыктырбай калышы мүмкүн. Бул окуучулардын мотивациясыз болушуна жана окуунун натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн.

***6. Мугалимдерди колдоонун жетишсиздиги****:* Мугалимдерге, өзгөчө жаш адистерге башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методдорун ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн көп учурда колдоо жана ресурстар жетишпейт. Билим берүүнү каржылоонун жетишсиздиги жана кесиптик колдоо системасынын жоктугу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга тоскоолдук болуп калышы мүмкүн.

***7. Коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүү:*** Азыркы дүйнөдө коммуникативдик көндүмдөрдүн маанилүүлүгүн эске алуу менен, башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методдору окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн – ар кандай кырдаалдарда өз эне тилинде натыйжалуу баарлаша билүү жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталышы керек.

Бул көйгөйлөрдү чечүү мамлекеттик органдардын, билим берүү мекемелеринин, мугалимдердин, ата-энелердин жана коомдук уюмдардын биргелешкен аракеттерин талап кылат. Өлкөнүн бардык жарандары үчүн кыргыз тилинде сапаттуу билимдин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, Кыргызстандын маданий мурасын жана тилдик көп түрдүүлүгүн сактоо жана өнүктүрүү маанилүү.

**Корутунду.** Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы билим берүү системасында негизги предмет катары окутулууга тийиш. Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасы предметтердин баарынын окулушун жана жазылышын көзөмөлдөп турат. Башталгыч класста кыргыз тилинин методикасы аркылуу окуучу ар бир сөздү туура, катасыз жазылышын, аларга грамматикалык, сөздөргө орфографиялык, морфологиялык, фонетикалык талдоо жүргүзүү, сабактагы оозеки жана жазуу эрежелерин өздөштүрүүгө,

тилдик жана кептик компетенттүүлүккө ээ болууга жетишүүсү зарыл. Демек, кыргыз тили сабагы бардык предметтердин сап башында туруп, окуучунун оозеки жана жазуу кебин, жазуу маданиятын калыптандырууга аны өркүндөтүүгө багытталууга тийиш.

**Адабияттар**


1. “**КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЙ ОКУУ**” ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТЫ.- Бишкек, 2022.- 71 б.
2. **Осмоналиева С.Ч., Сакиева С.С.** Башталгыч класстын окуучуларына жазуу маданиятын калыптандыруунун үйрөтүүнүн окуталдуулугу. Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим беруу мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. 2023. № 1 (27). С. 211-217. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597517
3. **Осмоналиева С.Ч., Сакиева С.С**. Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары. Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим беруу мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. 2023. № 1 (27). С. 204-210. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597516
4. **Садыков Т.С.** Касым Тыныстановдун кыргыз тил илиминдеги мурастары. -ОшМПУнун жарчысы, №2 (18), 2021, 33-35 б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49509918
5. **Сакиева С.С.**Башталгыч класстарда адабий чыгармаларды окуп-үйрөнүүдөгү өзгөчөлүктөр.-ОшМПУнун жарчысы,№1(17), 2021,17-21 б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49457290
6. **Сакиева С.С., Раимкул кызы А**. Каратай Сартбаев - башталгыч класстын окуучуларына орфографиялык эрежелерди үйрөтүүнү изилдеген окумуштуу.-ЖАМУнун жарчысы, №1 (54), 2023.-126-130 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54068495
7. **Сакиева С.С., Мокуева Н.** Каратай Сартбаев -окуучулардын жазуу маданиятын изилдеген окумуштуу.-ЖАМУнун жарчысы. №2 (56), 2023.-182-196 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=52079916
8. **Сакиева С.С.** Каратай Сартбаевдин башталгыч билим берүүгө арналган эмгектеринин методикалык табияты.Известия вузов Кыргызстана, №7, 2017.-200-202 б.б. http://science-journal.kg/media/Papers/ivk/2016/7/ivk-2016-N7-200-202.pdf.pdf